**Шашпагын**
Кудай буйруп максатыңа жетипсиң,
Самап жүргөн темир тулпар минипсиң.
Сагынышып күтүп жүргөн айылда,
Ата-эне туугандарга кетипсиң.
**Кайырма:**
Жолдор алыс, жолугуга шашпагын,
Катуу айдап токсон, жүздөн ашпагын.
Кырсык деген көздү жумуп ачкыча,
Жолдун айым эрежесин сактагын.

Аман-эсен жетип алгын жан досум,
Кайгы-капа эч убакта болбосун.
Сактыкка-кордук жок деп айтышат,
Жаратканым дайым бизди колдосун.
**Кайырма:**
Жолдор алыс, жолугуга шашпагын,
Катуу айдап токсон, жүздөн ашпагын.
Кырсык деген көздү жумуп ачкыча,
Жолдун айым эрежесин сактагын.

Ак тулпарың кызмат кылсын пайдаңа,
Сага айтарым ичип алып айдаба.
Кеңешимди укпай учуп сен жүрсөң,
Өкүнүчтө калып жүрбө, арманда.
**Кайырма:**
Жолдор алыс, жолугуга шашпагын,
Катуу айдап токсон, жүздөн ашпагын.
Кырсык деген көздү жумуп ачкыча,
Жолдун айым эрежесин сактагын.